УДК 37.013.41:371.2

Жумагулова Ф.М.

*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ОКУУЧУНУН ПОРТФОЛИОСУ УНИВЕРСАЛДУУ ОКУУ ИШ АРАКЕТТЕРИН ТҮЗҮҮЧҮ КАРАЖАТ КАТАРЫ

*Бул макалада окуучунун портфолиосу канчалык деңгээлде окуучу үчүн маанилүү экендигин жана анын жасалгаланышы каралат.*

Окуучунун портфолиосу окуучунун жеке ишмердүүлүгүнүн рефлексиясынын жана өздүк таанып-билүүчүлүк, чыгармачыл эмгегин жекече баалоо инструменти болуп саналат. Бул – документтердин жана окуучунун өз алдынча жасаган иштеринин жыйындысы. Документтердин жыйындысы мугалим тарабынан иштелип чыгат жана төмөнкүлөр каралат:

- Портфолиого материалдын тандалышы боюнча окуучуларга берилген тапшырмалар (кайсы материалды тандоо керектиги боюнча так көргөзмөлөр эмес, кандай параметрлер менен жасоо керектиги көрсөтүлөт);

- Ата-энелер үчүн анкета. Анын толтурулушу окуучунун иши менен кылдат таанышууну шарттайт. (Албетте, бул өзүнүн баласы окуп жаткан чет тилин билген ата-энелер үчүн);
- Портфолиого салынган иштерди баалоо параметрлери жана критерийлери;
- Көрсөтүлгөн портфолиону обңективдүү түрдө баалоо үчүн болгон презентациядагы эксперттик топ үчүн анкета;

Окуучулар өз тандоосу же болбосо мугалимдин тапшырмасы менен өз алдынча сабак учурунда, үйдө, класстан тышкаркы окуу иш-аракеттеринде (чет тилиндеги проект, доклад, реферат) аткарылган иштин «досьесин» тандап алат. Тандоо бир жылдын, бир чейректин алкагында же бардык окуу жылдарынын аралыгында жүргүзүлүшү мүмкүн (мисалы: жазуу иштери же проектилер). Портфолио же өзүнчө жеке иштер окуучунун комментарийлери менен кошо каралат. Анда окуучунун эмне үчүн так ушул иштерди тандап алыш керек деп эсептегени билинет. Албетте, окуучунун комментарийлери чет тилинде болушу шарт. Бир-эки кыска фразадан тартып, аны улам-улам кеңейтип, тереңдетет. Эгер бул оорчулукту туудурса, анда окуучу өзүнүн бардык ой-жүгүртүүлөрүн эне тилинде түшүндүрөт.

Мындай технологиянын («Окуучунун портфолиосу») принциптерин карап өтөлү:

1. Жыйынтыктарды өздүк баалоосу (аралык жана жыйынтыктоочу). Коммуникативдик ишмердүүлүктүн белгилүү бир түрлөрүн өздөштүрүүсү. Ал төмөнкүлөрдү көргөзүп турат:

- Окуучунун оозеки кептик темага тиешелүү лексиканы өздөштүрүүсү, грамматикалык билиминин калыптанышы, кептик ишмердүүлүктүн өзүнчө бир түрлөрүн өздөштүрүүсү (көпчүлүк бөлүгү жазуу иштери: тесттер, үй тапшырмалар, эссе, чет элдик кызматташка кат, проект боюнча жүргүзүлгөн изилдөө иштери). Ошондой эле үн жазууларындагы белгилүү бир теманын үстүндө оозеки ой-жүгүртүүлөр, жада калса видеожазуу түрүндөгү көргөзмө-презентациялар, Интернет өздүк Web баракчалары болушу мүмкүн;
- Окуучунун таанып-билүү процессинде өз алдынча чечим кабыл ала

билүүсү, ошол чечимдердин жыйынтыктарын прогноздоо (проектилерде, өз алдынча жазуу иштеринде);

▪ Окуучунун коммуникативдик жөндөмдүүлүктөрүнүн өзгөчөлүктөрү (шериктештикте болгон топтордун иштерине, проектилерге, дискуссияга катышуусунда); өзүнүн позициясын далилдей билүү, материалды так жана жеткиликтүү түрдө классташына түшүндүрүү. Ошондой эле өзүнүн ишмердүүлүгүн өзү баалоосу каралат.

2. Өздүк мониторингдин системалуулугу жана регулярдуулугу. Эгер окуучу чет тил жаатында болгон жетишкендиктерин анализдөө чечимин кабыл алса, ал системалуу түрдө ушул жаатта жүргүзүлгөн ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктарын көзөмөлдөй баштайт, өзүнүн «досьесиндеги» кызыктуурак иштерди тандайт, алардын структурасын карап, уюштурат. Окуучунун маселеси бул иштерди кылдаттык менен анализдөө, керектүү тууралоолорду киргизүү, өздүк баалоосунун кыска отчетун түзүү: анын ою боюнча эмне ишке ашты, эмне ишке ашкан жок жана эмне үчүн, эмнеге көбүрөөк көңүл буруу талап кылынат. Бул жерде окуучулар мугалимдин, ата-эненин, ал иштеген топтун окуучуларынын койгон баасына болгон өз оюн билдире алат. Бул ой жүгүртүүлөр жана аргументтер рефлексиянын манызын түзөт. Так ушул рефлексия үчүн ушул технологиялар колдонулат. Эскерте кетели: тигил же бул себептер менен окуучуга бул бардык комментарийлерди чет тилинде аткаруу оор болсо, анда ал эне тилин колдоно алат.

3. Портфолиодогу материалдардын структурасы, жазуу түшүндүрмөлөрүнүн логикалуулугу жана тактыгы.

4. Портфолионун тыкан жана эстетикалуу аткарылышы.

5. Портфолиодогу көрсөтүлгөн материалдардын бүтүндүгү жана тематикалык аяктоосу.

6. Окуучунун портфолиосунун презентациясынын көргөзмөлүүлүгү жана анын негизделиши.

Портфолионун жасалгаланышына жана мазмунуна болгон талаптар:

1. Титулдук баракча: портфолионун аталышы, окуучунун аты-жөнү, предметтин аталышы, портфолиону жасоо убактысы (анын үстүнөн жүргүзүлгөн иштин башталышынын жана аягынын датасы), мугалимдин аты-жөнү.

Портфолионун маңызы: себептери көргөзүлгөн ар бир материалдын ар бир окурманга болгон кыска сүрөттөөсү жана түшүндүрмөсү, анын мугалим жана окуучу тарабынан бааланышы, портфолиону презентациялоо боюнча окуучулардын же ата-энелердин конференциясын өткөрүү убактысы.

2. Окуучунун чет тили боюнча жетишкендиктеринин кыскача мазмуну же тарыхы. Жок эле дегенде, окуучу өзүнүн чет тилиндеги жеке жыйынтыктарын анализдейт (эмнелер эң жакшы өздөштүрүлүүдө, эмнелер кыйынчылыктарды жаратууда, ал кыйынчылыктар эмнеде болууда).

3. Жазуу иштери, докладдар, үй тапшырмалары. Жок эле дегенде, ар түрдүү 4 оозеки кептик жана окуу темалары боюнча жасалган 8 иш. Окуучунун индивидуалдуулугун, ой жүгүртүүсүнүн оригиналдуулугун көргөзүүчү бир мисал киргизүү зарыл. Негизинен, ал ошол мисал бир эле маселени чечүүнүн ар кандай жолдорунун камтышын туура көрөт.

4. Өз алдынча жана текшерүү иштери. Кеминде 3 тема боюнча 5 иш. Эң жок дегенде, ага окуучунун каталарды, структураны оңдоого болгон мамилесин, материалды өздүк жеке чыгармачыл иштеринде чагылдырышын логикалык көрсөтүүчү иш киргизилиши зарыл.

5. Тесттер. Кеминде 3 тема боюнча 4 ар түрдүү тесттер.

6. Маалыматтык технологияларды (каражаттарды) колдонуу. Проект, материалдар боюнча иштерде маалымат каражаттарынын колдонулушунун 2 мисалы.

7. Топтук проект. Окуучу өзу катыша турган проектини сүрөттөп берүү сунушталат.

8. «Менин сүйүктүү ишим». Окуучу эмне үчүн так ушул иштин түрүн тандап алгандыгын түшүндүрөт жана өз тандоосун мотивдештирет.

9. Ата-эненин баалоосу (рецензенттин баалоосу). Ата-энелер же көз карандысыз рецензенттер жазуу түрүндө рецензия даярдашат.

Окуучу өз алдынча ойлоно билүүсүн жана алган билимин чыгармачыл колдоно билүүсүн көргөзүү менен, портфолиосун конференцияда көргөзүү каралат.

Окуучунун комментарийи анын конкреттүү бир тема же курстун бөлүгү боюнча коммуникативдүү компетенциясынын калыптанышын толук түрдө көрсөтүп турушу керек. Мугалим окуучуга обңективдүү жана тигил же бул материал боюнча жетишкендиктерине мунөздөмө берүү менен өзүн сынчыл көз караштa кароосун сунуштайт. Ошондой эле окуучуга эмне үчүн ал тигил же бул ишти тандап алганын жана анын англис тилин өздөштүрүүдө кандай мааниси бар экендигин түшүндүрүп берүү сунушталат.

Андан кийин сунушталган ар бир бөлүмдүн жасалгаланышы боюнча мындан да конкреттүү сунуштар болушу мүмкүн. Портфолиону даярдоодо эң эле оор болуп, албетте, көрүнүктүүрөөк иштерди тандоо, аларга жетиштүү түрдө ойлонулган комментарий жазуу болуп эсептелет. Комментарийди окурманга өзүнчө кат түрүндө, өзүнүн оюн билдирген кыска параграф түрүндө көрсөтсө болот.

Портфолиону жасоодо окуучуларга төмөндөгү суроолор жардам берет:

- Портфолиого материал тандоо үчүн кандай иштерди жүргүздүңөр?
- Эмнелер ишке ашты жана эмнелер кыйынчылык туудурду?
- Өзүңөрдүн портфолиого киргизе албай калган кандайдыр бир нерселер барбы?
- Силердин бир нерсеге жараша жасаган үлгүлөрүңөр барбы?
- Маалыматтарды кандайча топтодунар? Кандай кыйынчылыктар болду?
- Пайда болгон маселелерди толугураак түшүндүрүп бере аласыңарбы?
- Канчалык деңгээлде бул иш рационалдуу боло алды?
- Бул маселеге жакын маселени түшүндүрө аласызбы?
- Бул проблеманы чечүүдө эң оору эмне болду?
- Бул проблеманы чечүү менен кандай жаңы нерселерди үйрөнө алдыңар?
- Бул портфолиону дагы кайсы учурда колдоно алабыз?
- Бул мүмкүн болгон жалгыз гана жооппу?
- Тайпада иштөөгө кандай карайсыңар?
- Жуп менен же тайпада иштөөдө силерге эмнелер жагат жана эмнелер жакпайт?
- Ушул портфолионун үстүнөн иштөө англис тилин өздөштүрүүдө пайдалуу болдубу?

Ата-энелер/ рецензенттер үчүн суроолорду карап көрөлү:

- Портфолио боюнча сиздин эң алгачкы оюңуз?
- Сизди окуучунун комментарийинде эмне таң калтырды?

- Кайсы нерселер силерде сыймыктануу сезимин жаратты?
- Окуучунун мындан кийинки иштерине жардам берүүгө эмне кыла аласыңар?
- Портфолиодогу материал канчалык деңгээлде тыкан жана логикалуу аткарылган?
- Окуучу портфолиону канчалык деңгээлде өз алдынча даярдады?
- Ал силер же башка адамдар менен ой алмашып турдубу?
- Портфолиону жасалгалоодо ал кандай кошумча материалдарды, ыкмаларды колдонду?

Окуучунун портфолиосун баалоодо ата-энелер же башка рецензенттер жогоруда келтирилген портфолионун жасалгалоосу жана мазмуну боюнча пункттарды колдоно алышат. Ушуга жараша баалоонун кээ бир түрлөрүн көрсөтө алабыз: толук туура келет (!), толук туура келбейт (-), кабыл алынгыс (х), катарда жок (0), кабыл алынат (+).

Жогоруда айтылгандай, окуучунун портфолиону даярдоо ыкмалары окутуунун этабына жараша, тилди өздөштүрүү денгээлине, даярдоо убактысына, окуучунун жаш курагына жараша ар түрдүү болушу мүмкүн. Окуучулардын өз ишин, өз жетишкендиктерин анализдөөнү үйрөнүүсү маанилүү, б.а., өзүлөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүн обңективдүү баалоону, кыйынчылыктарды жеңе билүүнүн жолдорун көрө билүүнү, мындан жогорураак жыйынтыктарга жетүүнү үйрөнөт. Алардын өз ишмердүүлүгү жана өзүнө болгон жоопкерчилиги аң-сезимдүүрөк боло баштайт. Бул процессте ата-энелердин жана көз карандысыз эксперттердин активдүү катышуусу маанилүү. Мунун негизинде, окуучунун тигил же бул жаатта алдыга жылуусунун обңективдүү сүрөттөлүшү жаралат.

Дагы бир учур өтө маанилүү. Эгер силердин мектепте ар кайсы окуучулар бул технологияны колдонгусу келсе, окуучуларга мындай портфолиону бир убакта ар кайсы предмет боюнча даярдоону сунуштоого болбойт. Окуучу белгилүү бир убакыт аралыгында бир портфолионун үстүндө гана иштей алат. Анткени мындай иштин максаты – окуучуда өзүн-өзү баалоону калыптандыруу. Ал эми проект окуучунун өз алдынча сынчыл ой-жүгүртүүгө үйрөнүшүнө, таанып-билүүнүн изилдөө жана башка методдорун колдоно билүүсүнө керектелет.

Адабияттар:

1. Новикова Т.Г. Папка индивидуальных достижений - «портфолио»// Директор школы. -2004. - № 7.
2. Харламов И.Ф. Педагогика. - М.: Юристь,1997.
3. Ксензова Л.Ю. Оценочная деятельность учителя. – М., 2000.